Ошентип, мектеп тамак-ашынын учурдагы абалы бир катар узак мөөнөттүү программалык, анын ичинде ведомстволор аралык жана тармактар аралык мүнөздөгү иш-чараларды кабыл алууну жана ишке ашырууну, мектеп тамак-ашын өнүктүрүүнүн маанилүү социалдык-экономикалык милдеттерин чечүүгө багытталган финансы жана материалдык-техникалык ресурстарды концентрациялоону талап кылат.

Комплекстүү чараларды жүзөгө ашырбастан, мектеп тамак-ашы чөйрөсүндөгү кырдаал начарлап, жалпы билим берүү уюмдарынын материалдык-техникалык базасы деградацияга учурайт, аны калыбына келтирүү үчүн бир топ финансы ресурстары талап кылынат.

БУУ ДАТПнын “Кыргыз Республикасында мектеп тамак-ашын оптималдаштыруу” долбоору мектеп тамак-ашынын натыйжалуулугун жогорулатуу, ошондой эле даярдалган тамактын азыктык баалуулугун жакшыртуу максатында аны модернизациялоодо жардам берүү чараларынын бири болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасында мектеп тамак-ашын өнүктүрүүнүн негизги багыттарын (мындан ары – Негизги багыттар) ишке ашыруунун жүрүшүндө ошондой эле мектеп тамак-ашын өнүктүрүүнүн натыйжалуу, айкын моделдерин колдонуу менен пилоттук долбоорлор жүзөгө ашырылат.

## 3. Мектеп тамак-ашын өнүктүрүүнүн артыкчылыктары

Мектеп тамак-ашын төмөнкү себептер боюнча өнүктүрүү зарыл:

биринчиден, мектеп тамак-ашы билим берүү сапатына түздөн-түз таасирин тийгизет;

экинчиден, мектеп тамак-ашы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүктүрүүсүнө оң натыйжа бериши мүмкүн, биринчи кезекте кедейчиликти кыскартуу, социалдык коргоону жогорулатуу, азык-түлүк коопсуздугун жогорулатуу;

үчүнчүдөн, окуучулардын тамактануусун туура уюштуруу – бул демографиялык көйгөйлөрдү, ошондой эле балдардын ден соолук көйгөйлөрүн бүткүл улуттун масштабында чечтетүүгө кошулган салым.

Ден соолукка келтирилген пайда жагынан караганда мектептеги ысык тамак-ашы сапаттуу тамактануу режимин сактоонун жана тең салмакталган тамактануу көндүмдөрүн үйрөнүүнүн зарыл шарты болуп эсептелет.

Мындан сырткары, өз убагында жана тең салмакталган мектептеги ысык тамак-ашы алименттик көз каранды оорулардын кыскарышын жана профилактикасын камсыз кылат, дене салмагынын жетишсиздиги же ашыктыгы бар балдардын санынын кыскарышынын, курч респиратордук ооруларга организмдин туруктуулугун жогорулатуунун, ден соолугу мыкты балдардын үлүшүн жогорулатуунун ыкмасы болуп эсептелет. Мектеп тамак-ашын андан ары өнүктүрүү тутуму Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн социалдык-экономикалык, анын ичинде агроөнөр жай комплексинин жана айкалышкан институттук түзүлүштөрдүн жаңы доминанты болуп калышы мүмкүн жана болушу керек.

Мындай статусту мектеп тамак-ашына берүү илимдин сунуштоолоруна ылайык өлкөнүн тургундарынын айрым категорияларынын сапаттуу жана коопсуз тамактануусун уюштурууда прогрессивдүү жылыштарды гана камсыз кылбастан, тамак-аш продуктуларын жергиликтүү өндүрүүчүлөрдөн сатып алууга, ошондой эле тармактын техникалык жана технологиялык жактан өнүктүрүүгө багытталган кошумча финансы каражаттарын тартуунун эсебинен талап кылынган сапаттагы жергиликтүү өндүрүш продукциясын чыгарууну жана берүүнү кеңейтүү үчүн кошумча өбөлгөлөрдү берет.

Натыйжада фермалардан баштап акыркы керектөөчүлөргө, анын ичинде инфратүзүмгө жана зарыл болгон логистикага чейин агроөнөр жай комплексин модернизациялоого